# Дүйшөнкул Шопоков атындагы орто мектебинин жылдык анализи

2018-2019 о.ж.

2018-2019 окуу жылында бекитилген пландын негизинде окуу процесси башталды. Мектеп толугу менен комплектелген. Мектепте бардык сабактар боюнча 15 мугалим эмгектенет.

Жогорку билимдуу – 14

Орто кесиптик – 1

Эл агартуунун отличниктери - 11

Мугалимдер билимдерин өркүндөтүү боюнча АКБ жана КАО курстарынан өтүп сапаттуу жогорулатуу тажрыйба топтоо менен чыгармачылык банк, долбоордук иштер менен иштешип, мугалимдер окуучулар менен иштешип ар бири изденүүнүн үстүндө иштөөдө.

Жылдын башында 2018-2019 окуу жылында 169 окуучу комплектелип, жылдын аягында 165 окуучу ийгиликтүү аякташты.

2018-2019 окуу жылында 20 отличник, 37 ударник болуп билим сапаты 39% түздү.

1 баскыч боюнча 1-4 класстарда: 77 окуучу, кыздары 40 ,отличниктери 7,

ударниктери 16, билим сапаты 41% түздү.

2 баскыч боюнча 5-9 класстарда: 88 окуучу, кыздары 42, отличниктери 13, ударниктери 21. Билим сапаты 38% туздү.

Мектеп боюнча 165 окуучу ийгиликтүү аяктады: кыздары 82, отличниктери 20, ударниктери 37, билим сапаты 39% түздү.

Тарыхый–табигый математикалык цикл

жана көркөм өнөр бирикмесинин

жылдык анализи.

Жаңы 2018- 2019 окуу жылынын башында методикалык бирикменин иш пландары бекитилген. Көрсөтүлгөн пландын негизинде жыл ичинде төмөнкүдөй иштер жүргүзүлдү. Табигый – тарыхый , математикалык цикл, дене тарбия, көркөм өнөр биркмесинде 8 мугалим эмгектенет. Иш пландын негизинде предметтик айлыктар өз убагында өткөрүлүп турду. Сентябрь айы уюштуруу иштери жүргүзүлүп , пландар бекитилди. Октябрь айында химия, биология мугалими Усукеева.А.У. жогорку деңгээлде предметтик моделдери, таблица, гербарийлерди колдонуу менен сабак өттү. Химия, биология сабагынын моделин түзүүдө 9 – класстын окуучулары Сардарбекова Айзуура , Осмонова Рахима, Акматов Азим моделдерди түзүүдө "эң жакшы " деген баага татыктуу болушту. 2016 -2017 окуу жылынан бери "Усукеева А.У. фонду " түзүлгөн. Фонду тарабынан окуу жылы боюнча химия, биология сабагын мыкты өздөштүргөн окуучуларга стипендия жана ыраазычылык кат тапшырылат. Быйылкы окуу жылында окуучулар: 1.Казыгулов Болот 9- класс ( химия)

2.Төлөгөнөв Бексултан 8- класс(химия)

3.Арстанбекова Ырыс 7- класс (биология)

4.Мурсабеков Нурадил 6- класс (биология) б-ча алышты.

Химия боюнча билим сапаты : 46 %

Биология боюнча билим сапаты : 54 %

Ноябрь айында тарых, адам жана коом , география сабактары боюнча айлык өткөрүлдү . Мугалими : Садыкова Р.О.

" Тарыхы болбой эл болбойт " Улуу эрдикке 74 – жыл деген темада ( 1941 жыл 16 ноябрь) Д.Шопоковдун эрдигин эскерүү болду. 9 – Май Жеңиш майрамында мугалимдин уюштуруусу менен клубда окуучулар тарабынан даярдалган сахналаштырылган эскерүү кечеси өткөрүлдү.

Адам жана коом сабагынан жарандык укуктар боюнча билдирүү болсо, география сабагын өтүүдө мугалим саякат сабактарына көңүл бөлөт.

Тарых сабагы боюнча б/с : 58%

География сабагы боюнча б/с: 63 %
Адам жана коом сабагы боюнча б/с: 65%.

Декабрь айында математика, физика, информатика сабактары боюнча декада өткөрүлдү. Мугалими : Оморова А. С.

Математика илимдердин падышасы, Математикадан тарых маалыматтары , баш катырма эсептер 7-8-9 класстар арасында өткөрүлдү . Физика сабагынан 7– класста " Сүрүлүү күчү " , 8- класста " Начар звено " оюн сабагы , 9-класста "Нобель " сыйлыгы жана анын физик лауриаттары".
7-9 класстарда тесттик иштер алынды .

7-8-9 класстарда информатикадан "Интернет" жалпылоо сабагы уюштурулду . Сабактар кызыгуу менен , жогорку деңгээлде өткөрүлдү. Мугалим сабак өтүүдө изденүү жана чыгармачылык менен өтөт .
Математикадан билим сапаты: 59 % , Физикадан билим сапаты: 55 %
Информатикадан билим сапаты: 60%

Март айында музыка , көркөм өнөр сабактарынын айлыгында төмөнкүдөй иш чаралар болду: Мугалимдери: музыкадан Картаңбаева Н.Б, көркөм өнөрдөн Бердигулова А.Б.

Музыкадан – Кыргыз элдик ырларын өтүүдө, окуучуларга элдик ырлар - Оп майда, Шырылдаң, Бекбекей, Насаат ырлары , бешик ырлары жогорку деңгээлде өткөрүлдү, мугалим комуз күүлөрүн угузуп , күүнүн маазмунун чечмелеп берди . 5-6-7 – класстарда сабак жогорку деңгээлде өткөрүлдү. Көркөм өнөр 5-6-7- класстарда "Түстөр дүйнөсү" боюнча сабак эң жакшы өтүлдү. Музыкадан билим сапаты: 100%

Көркөм өнөр б-ча билим сапаты: 100%.

Апрель айында дене тарбия сабагы боюнча спорттук иш чаралар өткөрүлдү . Мугалими: Сатылганов Ж.Ж.

4-5-класстар арасында кичи футбол боюнча мелдеш өткөрүлдү.

Ачык сабактар :

"Мен сүйгөн спорттун түрү жана спортсмен", "Спорт" жөнүндө викториналар, Кыргыздын улуттук оюндары боюнча фото – баян , Белгилүү спортсмендердин сүрөттөрү (фото стенд ) тагылды.

Дене тарбия боюнча билим сапаты : 100%

Табигый, тарыхый, математикалык цикл жана көркөм өнөр бирикмесинин жылдык анализи чыгарылды.

Билим сапатын жогорулатуу боюнча жаңы окуу жылына сунуштар киргизилди . Метод бирикменин жетекчиси: Шергазиева С.И.

Башталгыч класстардын жылдык анализи.

Башталгыч класстарды окутуунун проблемасы :

- Окууну шар, туура, так окуганга үйрөтүү.
- Тез жана катасыз жазууга, түшүнүп жазууга калыптандыруу .
- Эсепти так чыгарганга үйрөтүү.

Башталгыч класстарда билим сапатын жогорулатууда өзгөчө балдарга көңүл буруу керек.

Окуучуларга сабакты көрсөтмөлүү түрдө өтүүгө болот . Балдардын жаш өзгөчөлүгүнө жараша алардын ар кандай ойлорун билүүгө болот.

Ар бир сабакты кызыктуу, окуучунун эсине калгандай кылып өтүү керек .

Башталгыч кластарда өзгөчө окуу темпине көңүл буруу керек .

“ Бирге окуйбуз “долбоордун негизинде окуучулар менен бирдикте окуу жөндөмдүүлүгүн өстүрүү керек.

Ар бир адамдын окуу деңгээли окуучунун төрт өзөктүү факторунун биргелешкен таасири менен аныкталат:

- Дайыма окууга муктаждыгынын калыптанышы,
- Маалыматтын жеткиликтүүлүгү,
- Ар бир класстарда окуу темпинин өздөштүрүүсү, чейректер боюнча жыйынтык чыгарып турусу,
- Ар бир жума сайын окуучуларга көркөм китептер боюнча окутулуп, жыйынтык чыгарылып турат .

Башталгыч класстарда ар бир класс предмет арасында чейректердин жыйынтыгы чыгарылып турат .

1 – класс 21 окуучу , 6 кыз .

2- класс 18 окуучу, 12 кыз , 2 – отличник , 6 – ударник, б/с 44%.

3- класс 17 окуучу , 9 кыз, 3 – отличник , 4 – ударник, б/с 41 %.

4 – класс 20 окуучу , 12- кыз , 3 – отличник , 4 – ударник, б/с 35 %.

Башталгыч класстарда предметтер боюнча салыштырмалуу анализ жүргүзүлүп турат, жазуу иштерине көп көңүл бурулат.

Кол жазмалары боюнча билим сапаты 46 %.

1 -4 класстарда таза жазуу дептерлери боюнча иштер жүргүзүлүп жыйынтык чыгарылып турат.
Окуу техникасы боюнча жыл аягында жыйынтыгы чыгарылып, окуучуларга грамота берилип турат . Ар бир класстардан жаш өзгөчөлүгүнө жараша , ата- энелер менен бирдикте окуу сынагы уюштурулган. Жеңүүчүлөргө жыйынтыгы чыгарылып, байгелер, грамоталар берилип турат .
Жазуу , текшерүү иштери боюнча чейректер арасында ар бир класстын жыйынтыгы чыгарылып турат .
Метод бирикменин жетекчиси: Бердигулова А.Б.

Тилчилер усулдук бирикмесинин анализи.

Окуу жылынын башында методикалык бирикменин иш пландары бекитилген. Көрсөтүлгөн пландын негизинде жыл ичинде төмөнкүдөй иштер жүргүзүлдү. Тилчилер усулдук бирикмесинде 4 мугалим эмгектенет. Иш пландын негизинде предметтик айлыктар өз убагында өткөрүлүп турду. Сентябрь айы уюштуруу иштери жүргүзүлүп , пландар бекитилди.
Кыргыз тили сабагы 6-ча мугалим: Алышова Р.Б. “Кыргыз тили” майрамын мектеп окуучулары менен жогорку деңгээлде өткөрдү. Тилчи мугалим ушул эле айда жогорку класстарда ачык сааттарды өткөрдү. Сабактарында жаңы ыкма, жаңы технологияларды колдонуп жогорку деңгээлде өткөрдү. Жазуу иштери боюнча да администрация тарабынан текшерүү иштери жазылып жатты. Декабрь айында Ч. Айтматовдун 90 жылдыгына карата ачык саат өткөздү. Апрель айында райондук масштабда көркөм окуу сынагына окуучусу: Осмонова Рахима катышып, грамотага ээ болду.

Февраль айында орус тили жана чет тили сабактары боюнча декада өткөрүлдү. Ачык сабактар өткөрүлүп, бул сабактарга мугалимдер, администрация катышып, жыйынтык чыгарылып турду. Жазуу иштери боюнча текшерүү иштери алынды. Орус тилчи мугалимдер: Оторбаева Н.Д. жана Суерова А.Д. сабактары жогорку деңгээлде өткөрүлдү.

Декабрь айында чет тилчи мугалим: Суюмбекова Ч.А. райондук семинар өткөрдү. Жогорку деңгээлде болду.

Апрель айындагы Ч. Айтматовдун 90 жылдыгына карата көркөм окуу сынагынан орус тили боюнча:

7-класс Арыстанбекова Ырыс 2-даражадагы диплом менен сыйланды.

Англис тили боюнча:

5-класс Сардарбекова Акылай 1-даражадагы диплом менен сыйланды.

Жыл аягында бардык класстарда жазуу иштери алынып, жыйынтыктар чыгарылды.

Ар бир класстан 5 окуучудан “Китеп окуу” сынагына катышып, жыйынтыктар чыгарылды. Метод бирикменин жетекчиси: Суерова А.Д.

Жалпы метод бирикмелер боюнча жыйынтык чыгарылды.

Окуу тар.иши б-ча дир.орун басары: / [signature] / А.С. Оморова